| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**<br>**ТОН РАЙОНУ**<br>**АК-ТЕРЕК**<br>**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ТОНСКИЙ РАЙОН**<br>**МЕСТНЫЙ КЕҢЕШ**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**<br>**АК-ТЕРЕК** |

**Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин**
**VIII чакырылышынын XV кезексиз сессиясы**

# ТОКТОМ

2026-жылдын 10-июну №207 Кара-Коо айылы

**Бар-Булак термоминералдык жылуу суусун пайдалануучулар үчүн төлөмдөрдүн (тарифтин) өлчөмүн бекитүү жөнүндө**

Ак-Терек айыл өкмөтүнө караштуу Бар-Булак термоминералдык жылуу суусун натыйжалуу пайдалануу, тейлөө чыгымдарын жабуу жана жергиликтүү тургундар үчүн жашоо шартын жакшыртуу максатында, Ак-Терек айыл аймагынын тургундарынын коомдук угуусунун негизинде, Ак-Терек айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы У.Э.Эмилбековдун сунушу угулуп, талкууланып Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин сессиясы **токтом кылат:**

1. Ак-Терек айыл өкмөтүнө караштуу Бар-Булак термоминералдык жылуу суусун пайдалануучулар үчүн төмөнкү төлөмдөрдүн (тарифтин) өлчөмдөрү бекитилсин:

- Ак-Терек айыл аймагынын тургундары үчүн жылуу суусуна түшүүнүн төлөм акысы – бир адамга 50 (элүү) сом;
- Башка аймактардан келген жарандар, коноктор жана туристтер үчүн жылуу суусуна түшүүнүн төлөм акысы – бир адамга 150 (жүз элүү) сом.

2. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Ак-Терек айыл өкмөтүнүн башчысы У.Э. Эмилбековго милдеттендирилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырам.

**Төрага** **А.А. Мамбетов**